келечек муунду нукура маданиятыбыздын таасиринде тарбиялоо, сыяктуу демилгелер бүгүнкү күндүн талаптарынын бири деген ойдобуз.


**Колдонулган адбияттар тизмеси:**

1. Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек, 1996. – 66б. 6
2. Абдылдаев М.К. Мурас [Текст] / М. К. Абдылдаев. – Фрунзе, 1990.
3. Байгазиев, С.О. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы [Текст] / С. О. Байгазиев. – Бишкек, 2012. – 217б.
4. Байгазиев, С.О. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек: [б-сыз], 1998. – 97 б.
5. Муратов, А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы, жана тарыхы [Текст] /А.Муратов. – Бишкек: Турар, 2011. – 558б.
6. Чекиров, К. Би-Би-Си Кыргыз кызматынын кабарчысы [Текст] / К. Чекиров.



УДК 811:81.13+391.4

DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-308-314



**Ибрагимова Ж. Б.**

И. Раззаков атындагы КМТУ

**Ибрагимова Ж. Б.**

КГТУ имени Раззакова

**Ibragimova Zh. B.**

KSTU I.Razzakov


## ЖОЖдордо ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА УЛУТТУК БАШ КИЙИМ “АК КАЛПАКТЫ” ОКУТУУНУН ЫК ЖОЛДОРУ

## МЕТОДИКА ПРЕПОДАВАНИЕ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА КАК ВТОРОЙ ЯЗЫК В ВУЗАХ, ПРИ ПОМОЩИ ТЕКСТА “АК КАЛПАК”

## LEARNING KYRGYZ LANGUAGE AS SECOND LANGUAGE AT HIGH SCHOOLS, USING THE THEME "AK KALPAK"


**Аннотация:** Бул макалада жогорку окуу жайында, кыргыз тилди экинчи тил катары окутууда, улуттук баш кийим болгон “Ак калпакты” текст аркылуу берилишин, анын окутулуш ык-жолдорун студенттерге тааныштыруу, үйрөтүү. Эмнеден жасалат; кандай түрлөрүү бар; оймо-чийме, саймалардын маанилери эмнени түшүндүрөт. Чекесинде ар түрдүү кыюулары кандай өңдө болгондо кандай курактагы адамдар кийет. Кыргыз улуту үчүн ак калпактын кандай мааниси бар экендигин, эмне себептен улуттук баалулук катары эсептейбиз. Студенттерди өзүнүн улутунун баалулуктарын сактап, мекенчил болууга тарбиялоо.

**Аннотация:** В этой статье раскрывается преподавание кыргызского языка как второй язык в высших учебных заведениях, при помощи текста «Ак калпак» - методы, традиции, обычаи кыргызского народа. Из чего сделан; что означает; орнаменты; каких калпаков какого возраста люди должны носить. Студенты должны знать и ценить народные достояние, воспитывать чувство патриотизма.

**Abstract:** This article reveals the teaching of the Kyrgyz language as a second language in higher educational institutions, using the text "Ak kalpak" - methods, traditions, customs of the Kyrgyz people. What is made of; which means; ornaments; what kalpaks of what age people should wear. Students should know and appreciate the people's heritage, cultivate a sense of patriotism.

**Негизги сөздөр:** баш кийим, окутуу, ык-жолдру, улуттук баалуулук, жүн, кийиз, жаш курак, түрлөрү, оймо-чийме, мекнчил, милдет, жаш муундар, өткөрүп берүү, баалоо, байлык, сактоо.

**Ключевые слова:** головной убор, преподавать, методы, национальная ценность, шерсть, войлок, возраст, виды, узоры, патриотизм, обязанность, поколение, передавать, ценность, богатство, хранить.

**Keywords:** headwear, teaching, methods, national value, wool, felt, age, types, patterns, patriotism, obligation, generation, transfer, value, wealth, keep.

Эң өкүнүчтүүсү биздин тилибиз кыргыз тили азыркы кээ бир жаштарыбыз жээрип, кыргыз тилге караганда орус, англис, түрк, кытай, корей тилдерин жогору коюп, байма-бай үйрөнүп жатышат, мүмкүн турмуш шартка байланыштуу, турмуштун талабы ошондой. Бирок биздин, өзүбүздүн көрөнгү болгон кыргыз тилибиз, каада-салттарыбыздын, кийинки муундар билбей калабы? Жок буларды жаштарга жеткирүү биздин милдетибиз. Ошондуктан Улуттук баалуулуктарды ЖОЖдордо студенттерге окутуп, үйрөтүп, жеткиришти туура деп эсептейбиз.

**Ак калпак**

Саламдашам кепти айтып салмактуу,
Саламатпы эли-журтум ардактуу.
Амандашып анан башка сөзгө өткөн,
Ата-баба апапакай калпактуу.
Беш жаштабы мейли токсон жаштабы,
Калпак кийген абалтадан жаш кары.
Эске түшөт ак калпакты көргөндө,
Ак кар баскан Ала-Тоонун баштары.
Байпалышып аталар,
Бакай калпак кийишкен.
Түрлөп көркүн чыгарып,
Уз энелер тигишкен.
Ала тоонун боорунда
Акыл калчап бийиктен.
Ар намыстуу кыргыздар
Аппак калпак кийишкен.

**Ак калпак кыргыз тили сабагында**

Грамматикалык материал: Текст, анын белгилери, кептик материал: ак калпак.

Текст – белгилүү бир тема боюнча белгилүү бир маалымат берген кеп бирдиги. Адамдардын пикир алшып сүйлөшүүлөрүү, сүйлөм аркылуу эмес тексттер аркылуу ишке ашат.

**Тексттин негизги белгилерии:**

белгилүү бир темага арналгандыгы;
негизги ойдун болушу;
байланыштуулугу;

жыйынтыктуу болушу.
**Текстеги тема үч түрдүү берилет:**
Баяндоо – предмет, окуя, көрүнүш жөнүндө жайынча баяндап берүү.
Сүрөттөө – предмет, окуя, көрүнүштү элестүү кылып сүрөттөп берүү
Ой жүгүртүү - предмет, окуя, көрүнүштөрдүн пайда болуш себептерин түшүндүрүп берүү.
Бул маалыматтардан кийин окутуучу студенттерге кайрылып, кыргыздын улутуттук кийимдерен атоону суранат. Студенттер атап беришет. Окутуучу: "бүгүн биз кыргыздын улуттук кийимдеринин ичинен ак калпак жөнүндө сөз кылабыз." – деп текстти өзү окуп берет. Андан кийин 2-3 студент үн чыгарып окуйт.
Илгери Хан көтөргөндө башына ак калпак кийгизишкен. Бул анын акылы тунук, элине ак эмгек кылсын дегенди түшүндүрөт. Ак калпак – Ала-Тообузга символдоштурган элдик баш кийим. Мисалы Манаста Каныкей:
"Тармал ирик жыктырдым,
Таза жерге кырктырдым.
Кыздарга кылын тердирип,
Ак калпак жасап тиктирдим" – деп ошол эле убакытта кыргыздардын ак калпак кийгендигин баяндап турат. "Каныкей энебиз тартуулаган эң таза ак калпак кыянатка чейин кыргыздыкы болот" – деп айткан кытайлык белгилүү манасчы Жусуп Мамай.

Кыргыз калпагы мурдагы эл чарбачылыгынын бүткүл союздук көргөзмөсүнө коюлуп, "күмүш медалына" татыктуу болгон. Уздар буюмдун өмүрүн өткөн керээз, мурастан жана табериктен алышат. Калпакты жасоодо : козунун ак, күзгү жүнүнө азыраак жазгы жүнүн белгилүү бир өлчөмдө кошот. Мында жүн тазаланат, кылданат, жүн майда тытылат, кайчы аркылуу жүн 5 см.дей кырчылат. Табылгы сабоо менен сабалат. Жүндүн 1-2-3-тарамы болот.

Аны чийдин бетине жулат. Биринчи тазасы үстүнкү бетине чыгат. Аны уютууда абалы ысык сууну чачып, чийди оройт, анан тоголото баштайт. Уютулганы белгиленгенден кийин оң, сол басат. Кийизди кургатып, жууп, кайра да басылат. М: 59 өлчөмүндөгү (25см) калпактын бир талаасы 28 см. 12,5 см. кыюсу келет. Мында төрт талаанын ичин кыйып, ал 2см. кыйык тигилипбүткөндө 1см болот.
Калпактын тигилишине карап топторго бөлсөк болот:
Эки тилкеге бөлүнүп бычылат.
Төрт тилкеге бөлүнүп бычылат.
Мындан калпактын түрлөрү келип чыгат:
Тилик калпак
Айры калпак
Сайма калпак
Туюк калпак
Киш калпак

Алгачкы убакта туюк калпак жасалган. Ал бычылбайт, атайын тигиши жок, бирок кыюуланган. Жүндөн уютуп, бөлүктөп, кайра бышырып, төбөсү тоголок, этеги тегерек түргө келтирилген. Бул өтө чоң чеберчиликти талап кылган, себеби берки баш кийимдин кийизин ченеп, кесип алып бириктирсе, туюк калпакты көз болжол менен жасоого туура келет.

Айры калпак – төрт талаасынын кошулган жерлери жана жээги кыюуланып, төрт жеринен кичине шара тилик кылынат.
Тилик калпак – төрт талаасы кыюуланбайт, ак жип аркылуу бириктирилип, эки жеринен чоңураак тилик калтырылат.

Илимий эмгектерде Киш калпак туурасында айтылат. Ал эки талаага бөлүп бычылган. Жээгине киштин териси кармалган. Дал ушундай киш калпак, учурда Улуттук тарых музейинде Кыргызстандагы эң байыркы калпак катары сакталып турат. Эксперттер аны 18-кылымга таандык дешкен.

Кийиз дүйнө коомдук фондунун 2010-ж. изилдөөсүнөн кийин Кыргыз Улуттук тарых музейине калпактын 80 түрү көргөзмөгө коюлган.

Ар кыл курактагылар, даражадагылар ар башка калпак кийген. Калпактын өңү, ага түшүрүлгөн оймо жана кырлары аркылуу ээси жөнүндө маалымат алса болот.

а) Жеткинчектер – Умай эненин оюмо-чиймеси

б) Боз уландарга – кыры кызыл өң- үйлөнүүгө даяр.

в) Үйлөнүп жайлангандарга – кыры күрөң

г) Орто жаштагылар – кыры кара

д) Ак сакалдарга же деңгээли жогору – кыры ак

ж) Жесир калган кишиге кара калпак кийгизишкен.

з) Бакай калпак - акылман, калыс карыяга кийгизген.

Калпак мүчөл жашка карата 7ге бөлүнөт:

Мүчөл жашка чейинкилер - 1-12 жашка чейин – кыюусу жашыл

мүчөл -13 жаштан 24 жаш – жашыл кездеме менен кыюуланган.

мүчөл – 25-36 жаш –кыюусу көк өзүнчө түтүн булатат.

мүчөл – 37-48 жаш – кыюусу күрөң.

мүчөл – 49-60 жаш – кыюусу ачык күрөң.

мүчөл – 61-72 жаш – кыюусу ак

мүчөл – 73 жаштан жогору – кыюусу ак, кара. Себеби калыс акты ак, караны кара деген адамдар.

Бир калпакка 150-230 гр. кийиз кетет. Калпактын 4 тарабын : түндүк, түштүк, батыш, чыгыш; 4 мезгил жаз, жай, күз, кыш; төрт түлүк мал: төө, топоз, жылкы, уй. Мындай сандык касиет атайын жасалган дешет.

Калпак жасалган уяң жүн терди жакшы сиңирет. Ал өзүндөгү суунун бир бөлүгүн сиңирип алгандыктан аны кийген адамдын башы тердебей, кургак жүрөт. Жүндүн кылдарындагы миллиондогон аба жаздыкчалары суукта да, ысыкта да жылуулукту жакшы сактап турат. Кийизден жасалган калпак күндүн ден соолукка коркунуч алып келген ультрафиолет нурларын адамдын мээсине өткөрбөйт. Кийиз өтө жука келсе бир жайдан чыкпайт. Жакшы кийизден жасалган калпак бапестеп кийсе 20 жылга чейин чыдайт.

Азыркы убакта башка элдин таасири менен дизайнер, сүрөтчүлөр өзгөчө жаңылык жаратууга камынып, бирок өзөктөн албай, өзгөртүп, түп нусканы бузуп жоготуп алып жатышат.

Калпак – улуттук баш кийим, ал ЮНЕСКОнун коргоосунда болгондуктан ар бир чебердин кылдат мамилеси өтө зарыл.

Элибизде: “ Калпагыңды жерге таштаба. Калпагыңды сатсаң , башыңды , акылыңды сатасың. Баш кийимин башкага белекке бергенге болбойт. 5-март Ак калпак күнү деп 2011-ж. жарыяланган. Анын негиздөөчүсү Рысбек Жабиров. Бул күн 2016-жылдан тарта Кыргызстандын аймактарында жана чет өлкөдө мекендештерибиз тарабынан расмий белгиленип келет.

Бул күнү бала-бакча , мектептерибизде, мамлекеттик ишканаларда Ак калпакка арналган иш-чаралар өтүлөт. Кыргыз жигиттери, кыргыз мамлекетине болгон мекенчилик сезимдерин көрсөтүп, баштарынан эртеден кечке калпакты түшүрбөй кийишет. 2016-ж.

Кыргыз- Түрк " Манас" университетинин студенттери бийиктиги 3 м. ге жакын калпакты жасашкан.

Ак калпак кийген адамды алыстан көрсөң сөзсүз кыргыз деп эсептейбиз! Ала – Тоо бар, кыргыз бар, ак калпак бар!

**Ак калпактын жазылыш, айтылышына көңүл бурабыз:**

**Ак калпак**

**А** – жоон үндүү

**К** – каткалаң үнсүз

**К** – жоон үндүү менен айтылганда жоон айтылат, ичке үндүү менен айтылганда ичке айтылат.

**К** – тамгасын башка улуттагылар же орус классын бүткөн студенттер ичке окушуп акцент пайда болот.

**Л** – айтылышына да көңүл бөлөбүз.

**Л** – жоон үндүүлөр менен келгенде жоон айтылат, акцент болбош үчүн туура айтууга, окууга көнүгөбүз.

Текст окулгандан кийин студенттер андагы мааниин түшүнбөгөн сөздөрдү белгилешет.

**Сөздүк:**

таберик - священный, почитаемый, приносящий счастье, благодатный;
керээз - завещание, предсмертное наставление
мурас - наследие
ак калпак – головной убор
жүн – шерсть
жүн сабоо – избиение шерсти
жүн тытуу – выщипывание шерсти
чий - высокая жёсткая степная трава, стебли которой идут на изготовление циновок
кийиз – войлок
бычуу – кроить
тигүү – шить
оймо-чиймелер – орнаменты
жасалгалоо – укращать
кездеме – ткань, материал
сайма – вышивка
өңү-түсү – цвета
улуттук баш кийим - национальный головной убор
улут - нация

**Студенттерге текстке карата төмөнкүдөй тапшырмалар берилет:**

- ✓ текстин мазмунун өз сөзүңөр менен айтып бергиле;
- ✓ топ топ болуп бөлүнүү менен иштегиле;
- ✓ кроссворд түзгүлө;
- ✓ өзүңөрдүн билгенинерди кошумчалагыла;
- ✓ бири бириңерге суроо бергиле;
- ✓ өзүңөрчө сөздүк түзгүлө;
- ✓ кошумча маалыматтарды жазуу түрүндө жазгыла;
- ✓ Венндин диаграммасын түзгүлө;
- ✓ синквейн түзгүлө;

- ✓ кластер түзгүлө;
- ✓ диалог түзгүлө
- ✓ карточкалар менен иштегиле
- ✓ текст жана анын мүнөздөрүн жекече аныктагыла
- ✓ ак калпактын өзгөчөлүктөрүн тапкыла.

**Кроссворд “Ак калпак”**

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | 3. |
| | | | | | | | | | | У |
| | | | | 1. | | | | | | М |
| | | | | Э | | | | | | А |
| | | | 1. | К | А | Н | Ы | К | Е | Й |
| | 2. | | | И | | | | | | Э |
| | К | | | М | | | | | | Н |
| | А | К | К | И | Й | И | З | | | Е |
| 2. | Р | | | Ң | | | | | | |
| | А | | | О | | | | | | |
| | | 4. | | Н | | | | | | |
| | | А | 3. | Б | А | К | А | Й | | |
| | | С | | И | | | | | | |
| | 4. | К | Ы | Р | Г | Ы | З | | | |
| | | А | | | | | | | | |
| | | З | | | | | | | | |
| | | О | | | | | | | | |
| | | О | | | | | | | | |

**Тикесинен:**

Ак калпак күнү деп канчанчы жылы жарыяланган?
Жигит үйлөнгөндө кандай калпак кийет?
Жаш балдардын калпагына кандай ою түшүрүлөт?
Ак калпак эмненин формасында жасалат?

**Туурасынан:**

Ак калпактын баш кийим болушуна өзгөчө салым кошкон ким?
Ак калпак эмнеден жасалат?
Жашы улгайып калган киши кандай калпак кийет?
Ак калпак кайсы улуттун баш кийими?

**Диалог**
**Асан:** - Саламатсыңбы, Кирилл?
**Кирилл:** - Саламатчылык Асан.
**Кирилл: -** Бул эмне?
**Асан: -** Бул кыргыздын улуттук баш кийими, ак калпак.
**Кирилл: -** Ал эмнеден жасалат?
**Асан:** - Бул ак жүндөн кийиз жасап, кийизден ак калпак тигишет.
**Кирила: -** Оо, абдан сонун го, ыңгайлуубу?
**Асан:** - Ооба, кышында жылуу, жайында салкын, абдан ыңгайлуу.
**Кирилл:** - Булардын кыры, чекеси ар түрдүүбү?
**Асан: -** Ак калпакты куракка жараша кийишет. Кыры, чекеси жашыл болсо – кичине жаш балдар, кызыл болсо – уйлөнө турган балдар, кара болсо – үйлөнгөн орто жаштагылар, ак туз болсо – улгайган абышкалар кийишет.
**Кирилл: -** Ак калпакты белекке берсе болобу?
**Асан : -** Ооба болот, бирок өз башындагы калпагыңды эч кимге бербейт. Жерге таштаганга, тепкенге болбойт, аяр мамиле жасап, ыйык тутушат!
**Кирилл:** - Рахмат досум, абдан кызыктуу экен.

**Карточка менен иштөөдө берилген суроолор:**
Карточка 1. Ак калпак эмнеден жасалат?
Карточка 2. Ак калпак качан майрамдалып башталган?
Карточка 3. Ак калпакта оймо-чиймелердин, саймалардын кандай мааниси бар?
Карточка 4. Ак калпактын майрамдалып калышына ким себепкер болгон?
Карточка 5. Ак калпакты жасоого, Каныкейдин кандай тиешеси бар?
Карточка 6. Бакай калпакты кимдер кийишкен?
Карточка 7. Үйлөнө турган жигит кандай кыюсу бар калпак кийген?

Бул сабактын аягында жыйынтык чыгарылып, үйгө тапшырма берилет, “Ак калпак” деген ырды жаттап өзүңөргө ак калпак тууралуу алган маалыматтар жөнүндө дил баян жазып келгиле. Биз үчүн канчалык деңгээлде керек экендигин баалайбыз. Эң негизгиси өзүңөр билип, кийинки муунга да улуттук баалуулуктарды берүү ар бирибиздин парзыбыз жана милдетибиз экенин унутпагыла.

Негизинен, ар бир улуттун өзүнүн тили, каада-салты, үрп-адаты, улуттук баалулуктары болот эмеспи. Биздин дагы өзүбүздүн баалулуктарыбыз бар. Ошол себептен кыргыз тилин сактап калуунун бир себептери болуп, күнүмдүк өтүлүп жаткан сабактарда көнүгүүлөрдө өзүбүздүн тил, каада-салт, үрп-адат, улуттук баалулуктарыды мисал катары келтирсек.

Бул макалада аз болсо да улуттук баалуулук болуп эсептелген ак калпак жөнүндо студенттерге маалымат берип кеттик.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Рысбаев С.К., Сыдыкова Б.Ч. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун маселелери. – Бишкек, 2002.